УДК.: 004. 382. 801.663

КОМПЬЮТЕР – ЛИНГВИСТИКАЛЫК МААЛЫМАТТЫ КАБЫЛ АЛУУНУН ОКУТУУ КАРАЖАТЫ КАТАРЫ

Исмаилов А.У.
И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети, Бишкек, Кыргыз Республикасы

COMPUTER IS TNE MEANS OF GETTING LINGUISTIC INFORMATION

Ismailov A.U.
Kyrgyz State Technical University after I.Razzakov, Bishkek, Kyrgyz Republic

Бул макалада, болочок инженерлерге компьютер - лингвистикалык маалыматты кабыл алуу идеалдуу окутуу каражаты катары талдоого алынган.

В этой статье, компьютер анализирован как идеальное средство при приеме информаций в лингвистической подготовке будущих инженеров.

The computer is analyzed as ideal means at reception of information on linguistic preparation of future engineers in this article.

Киришүү

Азыркы учурда жогорку окуу жайларда тилди үйрөтүүдө абдан чоң көңүл маалыматтык технологияларга бурулат. Окуу процессинде грамматикалык же лексикалык материалды үйрөтүү үчүн түзүлгөн программалар колдонулат. Мындан тышкары, лексикалык материалды үйрөтүү белгилүү бир контексттин алкагында жүрүүчү, графикалык материал, аудио- жана видеоматериалдар кошулуучу программалар түзүлүүдө. Фонетикалык көндүмдөрдү калыптандырууга жардамдашуучу программалар, ошондой эле оюн элементтерин камтыган программалар колдонулууда. Зарыл лингвистикалык маалыматты окутуучулар да, студенттер да, азыркы учурда Интернеттен алып колдонушат[2] (English.03.ru;metland; Bussuu.com; Promt; ж.б сайттардан).

Изилдөөнүн максаты

Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын кеңири спектринде түйүндүүлөрү электрондук окуу куралдары менен окуу китептери болуп саналышат. Дал ошондуктан ЖОЖдун окутуучуларынын квалификациясын жогорулатуу курстарынын программасына мультимедиялык окуу куралын түзүүгө жардамдашуучу ар кандай программалар менен иштөөгө үйрөтүү кирет. Бул программаларда тексттик материалды гана эмес, графиканы, аудио-видеоматериалдарды камтыган окуу куралын түзүүгө жол берет, ошондой эле жаңы материалды өздөштүрүү сапатын жакшыртууга жана предметке кызыгуу менен тилди үйрөнүүгө мотивацияны арттырууга жардамдашуучу бир катар көнүгүүлөрдү компьютер аркылуу түзүүгө мүмкүндүк берет. Изилдөөнүн максаты – тилди үйрөтүүдөгү компьютердик каражаттардын жогоруда аталган мүмкүнчүлүктөрү менен артыкчылыктарын ачып берүү болуп саналат.

Изилдөөнүн ыкмасы

Сөз тилди бөтөн тил катары окутуу жөнүндө болуп жаткандан кийин изилдөөнүн салыштырма-баяндоочулук ыкмасы колдонулду. Анткени эки тилдин грамматикасын салыштыруу жана сөздөрдү которуу менен лексикалык минимумдарды кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрү кеңейет. Мындай мүмкүндүктөр өз алдынча бирдиктүү окуу комплектисинен туруп, анын курамына төмөнкүлөр киришет: окуу куралы, иш дептери,

видеосабактар, аудиожазуулар, үйрөтүлүп жаткан тилдеги көп колдонулган сөздөр жана алардын котормолору бар эки тараптуу карточкалар.

Талдоонун көрсөткүчтөрү

Тилди өз алдынча өздөштүрүү боюнча окуу комплектисинде орус тилиндеги комментарийлердин, тапшырмалар менен тесттерге ачкычтардын, тилдин квалификациялуу «ээлери» үн кошушкан видеосабактар менен аудиожазуулардын, усулдук сунуштардын болушу сөзсүз керек. Компьютер өзүнүн мүмкүнчүлүктөрү боюнча иш жүзүндө лингвистикалык даярдоодогу маалыматты кабыл алуунун бардык органдарына таасир этүүчү идеалдуу окутуу каражаты болуп саналат. Анын башкы функциясы - күнүмдүк, монотондуу ишти уюштуруу жана аткаруу, окуп жаткандарды машыктыруу, активдүүлүгүн арттыруу аркылуу кептик көндүмдөрүн өнүктүрүү болуп саналат. Мындан тышкары, компьютердик окутуу программалары студенттерге аралыктан (дистанттык) окутуунун алкагында акыркы жылдарда Кыргызстандын ЖОЖдорундагы билим берүү процессинде улам көбүрөөк таралууда, бул өз алдынча билим алуу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берет. Студенттердин тилдик компетенцияларын максатка ылайык өнүктүрүүнүн майнаптуу технологиялары катары ЖОЖдун окутуучулары төмөнкү технологияларды натыйжалуу ишке ашыруусу зарыл:

1) Тилди үйрөтүүнүн интенсивдүү окутуу технологиясынын максаты катары материалдын максималдуу көлөмүн сапаттуу өздөштүрүү, студенттер үчүн үйрөнүп жаткан тил боюнча зарыл жана жетиштүү көндүмдөр менен билгичтиктер комплексине ээ кылууга жетишүү болуп саналат;

2) Түрдүү деңгээлдеги вариативдүү окутуу технологиясын колдонууну, анын негизинде студенттерди алардын тил билүү деңгээлдерине жараша окутууну;

3) Компьютердик технологияны жана компьютердик окутуучу жана текшерүүчү программалардын электрондук чөйрөсүн жана каражаттарын колдонууну. Персоналдык компьютерди колдонуу окутуу процессин индивидуалдаштырууга мүмкүндүк берет. Ар бир студент өзүнө жеткиликтүү темпте маалыматтар, тексттер менен иштөөгө мүмкүндүк алат. Бирок, персоналдык компьютер каражаттары көмөкчү каражат катары каралышат да, эч качан студенттин окутуучу менен жандуу баарлашуусун алмаштыра алышпайт. Жогорку окуу жайларында бул жагдай инсанга багытталган компетенттүүлүктүк, ишмердүүлүктүк мамилелердин шарттарында гана мүмкүн, анын негизинде төмөнкү принциптер жатууга тийиш:

Биринчи – инсандык мамиле. Окутуучу менен студент пикирлештер болуп саналышат. Адамдык баарлашуу байланыш түзүүдөн башталат. Сүйлөөчүлөрдүн баштапкы коммуникациялык адаптациясы жана бири бирине карата тууралануусу зарыл. Мындай шарттарда комплекстер, ички чыңалуулар жоюлат, эркиндик жана өз ара түшүнүшүү келет. Окутуучу ар бир жеке студенттин индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн, анын темпераментин, окуунун максаты менен милдеттерин эске тутууга тийиш.

Экинчи принцип - тилди үйрөтүүдө студенттин экинчи үйрөнүп жаткан тилдеги инсандын белгилерин өнүктүрүүгө багыттоо, башкача айтканда окутуучу студентти үйрөтүп жаткан тилдин алып жүрүүчүсү катары өзүн кандай тутууга гана үйрөтпөстөн, анда үйрөнүлүп жаткан тилде тексттик ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга даярдыкты, башка маданияттын өкүлү менен адекваттуу, бирге аракеттенүүгө жөндөмдүүлүктү да өнүктүрүү. Баардык тиешелүү маалыматты компьютер аркылуу Интернеттен алып колдонсо болот.

Үчүнчү принцип - кырдаалдуулук. Тилди үйрөтүүдө материалды баарлашуу кырдаалдары менен көйгөйлөрүнүн негизинде ылгоо жана уюштуруу маанилүү, алар ар бир студентти кызыктырат. Сүйлөө мотивациясы сүйлөөчүлөргө тийиштүү кайра түзүлгөн кырдаалда гана жаралат. Бул принцип боюнча да Интернет аркылуу иш алып барса болот.

Төртүнчү принцип - моделдөө. Өлкө таануучулук билимдердин көлөмү өтө чоң, демек, өлкөнүн маданиятын топтоштурулган, концентрацияланган түрдө берүү үчүн зарыл материалдардын санын ылгап алуу керек. Мындай учурда тилдин мазмундук жагын темалар эмес, көйгөйлөр түзүшөт. Лингвистикалык билимдерди азайтуу жана тартиптештирүү максатында тилдин системасы модель түрүндө берилет: схемалар, таблицалар, салыштыруулар ж.б.у.с. колдонулат. Бул принципте да Интернеттен кызыктуу материалдарды колдонсо болот.

Бешинчи принцип - окуу баарлашуусунун кош функциясы. Ал төмөнкүдө жатат, окутуучу үчүн бул баарлашуу пландалып коюлган. Педагог кептик ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүнүн көндүмдөрү менен билгичтиктерин калыптандыруу, иштетүү жана бекемдөө максатында баарлашууну башкарат. Башка жагынан карасак, студенттер үчүн баарлашуу максат катары чыгат, анткени кептин аркасы менен алар окуу кырдаалдарынын чегине чыга алышат. Ар кандай көнүгүүлөрдү компьютер аркылуу Интернеттен алып колдонсо болот.

Алтынчы принцип - тайпалык бирге аракеттенүү, мында баарлашуу аркылуу ар бир студенттин индивидуалдуулугу ачылат. Инсан аралык бирге аракеттенүүлөрдү үч багытта кароого болот: окутуучу менен студенттин баарлашуусу, окутуучу менен бүткүл тайпанын баарлашуусу, студенттердин ич ара баарлашуусу. Окуу тайпасында ар бир студенттин мүмкүнчүлүктөрүн майнаптуу айкындоого жана ачууга жол берүүчү психологиялык «климат» түзүлүүсү абзел. Бул принципте да Интернет кызыктуу программаларды тандаса болот.

Жетинчи принцип - кесипке, адистикке багытталгандык. Техникалык адистиктердин студенттерине тилди окутуу программасы ишкер баарлашуунун негиздерин жана тиешелүү адистиктин тилин үйрөтүүгө багытталат. Бул принципте да Интернет аркылуу абдан кызыктуу маалыматтарды тандап алып дайыма колдонсо болот[3].

ЖОЖдо окутуунун экинчи курсунда студенттер болочок адистиги боюнча баарлашууга жана адабияттарды окууга үйрөнүшөт. Техникалык ЖОЖдо окуп жаткандардын кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында тилди окутууда колдонулуучу мындай мамиле билим берүү системасынын чордонуна студенттин «адам» катары жана «кесипкөй» катары инсанын коёт, ошол инсанды өнүктүрүүнүн, анын табигый дараметин жана кесиптик ролун ишке ашыруунун чыр-чатаксыз шарттарын камсыздайт [1].

Инженердик-техникалык адистиктердин студенттерине тилди үйрөтүү үчүн кыйла алгылыктуу технологиялардын ичинен төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот:

-«кызматташтыкта окутуу» (cooperative learning);

-долбоорлор усулу;

- түрдүү деңгээлдик окутуу;

- окуу процессинин жүрүшүндө илимий-изилдөөчүлүк ишке үйрөтүү.

Мисалы, И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде окуу процессинде студенттердин кызыкдарлыгын калыптандыруу максатында кыргыз тилин бөтөн тил катары окутууда «Кыргыз элинин маданияты», «Кыргыз элинин улуу инсандары» өңдүү темалардагы, же студенттер өздөрү сунушташкан темалардагы кырдаалдык сабактар өтүлөт. Бул үчүн алар кыргыз тилиндеги кызыктуу текстерди табышат да, аларды кыргыз тилине которушат. Бул тексттер студенттердин адистиги менен түздөн-түз байланыштуу болот. Зарыл маалыматты алар Интернеттен, жергиликтүү газеталардан, журналдардан табышат

Кыргыз тилин үйрөнүүдө аудиториядан тышкары иштөө (бейформалдуу жана информалдуу билим алуунун алкагында) техникалык адистиктердин студенттерине кыргыз элинин адабияты, тарыхы, маданияты менен кыйла терең таанышуу мүмкүндүгүн берет.

Ал эки башкы милдетти чечет: биринчиден, кыргыз тилине карата кызыгуунун өсүшүн, билимдердин тереңдешин, көндүмдөр менен билгичтиктердин өркүндөөсүн; экинчиден, студенттердин бош убактысында алардын жалпы жана лингвитсикалык кругозорунун өсүүсүн, жалпы, адептик жана эстетикалык тарбия алуусун. ЖОЖдо тилди окутууда аудиториядан тышкары иштөөнү уюштуруу окутуунун практикалык, жалпы билим берүүчүлүк жана тарбиялык максаттарына ылайык чечилет. Тилди окутууда сабактан тышкары баарлашуу кандайдыр бир өлчөмдө аны табигый колдонууга жакындатат да, ал мотивациянын маанилүү каражаты болуп кызмат кылат жана кептик практикасы үчүн зарыл боло алат. Аудиториялык жана аудиториядан тыш иштин табигый байланышын ишке ашыруунун дагы бир шарты студенттердин кызыкдарлыгы, мазмундун маалыматка байлыгы, иштин ар кыл формаларынын кызыктуулугу болуп саналат. Аудиториядан тышкаркы иштин массалык иш чаралары катары кечелерди, конкурстарды, КВНдерди ж..б. атасак болот. Алар туруктуу уюштурууучулук түзүмгө ээ болушпайт да, аларды өткөрүүнүн ар кандай тематикасы, максаты, шарттары менен аныкталышат.

Корутунду

Ошентип, ЖОЖдордо тилди үйрөтүүдө анын табигый чөйрөсү жана керектөөсү сабактын өзүнүн коммуникациялык багытына жана аудиториядан тышкары иштөөдө компьютердеги ар кандай лингвистикалык программалар, Интернет аркылуу алынган маалыматтарга жараша болот. Компьютерде Интернет аркылуу заманбап программаларды колдонуу менен бирге психологиялык тоскоолдуктар жоюлуп, аудиториядан тышкары тил үйрөнүү процессинин кызыктуу жана максаттуу болушун шарттайт, студенттердин жалпы жана лингвистикалык көз карашын кеңейтет, болочоктогу адис инсандын билингвисттик жана маданий өнүгүүсүнө көмөктөшөт.

Адабияттар

1.Майер А.К. Активизация самостоятельной работы студентов при обучении английскому языку / А.К. Майер, А.А. Фицлер, О.А.Чалмова // Прикладная- филология и инженерное образование: сб.науч. тр. Ч. 1. - Томск: Изд-во Томск, политехи, ин-та, 2006. -С. 345-348.

2. Мищенко Н.В. Актуальность и проблемы использования компьютера и мультимедийных технологий на уроках английского языка для студентов языковых специальностей неязыковых вузов / Н.В. Мищенко // Прикладная филология и инженерное образование: сб. науч. тр. Ч. 1. - Томск: Изд-во Томск, политехи, ин-та, 2006. -С.306-311.

3.Рябцева Е.В. Технологии обучения иностранному языку студентов инженерно- технических специальностей / Е.В. Рябцева // Прикладная филология и инженерное образование: сб. науч. тр. Ч. 1. -Томск: Изд- во Томск, политех, ин-та, 2006. - С. 104-110.

УДК.: 82-131:37.013.76

"МАНАС" АЙТУУ ФЕНОМЕНИ ЖАНА АНЫН ОЗУЙПАСЫ

БакчиевТалантаалы Алымбек уулу
И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети, Бишкек, Кыргыз Республикасы

Бул макалада манасчылык касиеттин угуучуга жана айлана чөйрөгө карата энерготийгизген таасири тууралуу сөз кылынат. Манасчылык касиеттин мындай мүмкүнчүлүктөрү 2011-жылы Кыргызстанда өткөрүлгөн бир катар илимий эксперименттердин жыйынтыктары да макалага кирди.

В этой статье говорится о влиянииэпоса "Манас" в живом исполнении на слушателя и в целом на окружающую среду. Данный феномен подкрепляется научным и экспериментами проведенные в 2011 году в Кыргызстане, результаты которых вошли в данную статью.

Бүгүнкү күндө коомубузда "Манас" боюнча эки негизги көз караш, эки түшүнүк өкүм сүрүп келет. Биринчиси: "Манас" – бул манасчылардын кыялынан жаралган эпос, эпикалык көркөм чыгарма же дагы миф жана Манастын өзү кайсы бир тарыхый инсандын прообразы деген көз караш. Экинчиси: "Манас" – бул кылымдар бою манасчылар айтып келген тарыхый баян жана Манастын өзү кандайдыр бир өзгөчө касиеттүү күчкө ээ тарыхый инсан деген көз караш. Биринчи көз караш, көбүнчө дээрлик жалпы интеллигенция жана илим өкүлдөрүнө таандык. Ал эми экинчи көз караштыорто жана улуу муундагы карапайым эл өкүлдөрү айтып келет.

Биздин оюбузча, мындай абалдан чыгууга, манасчылык касиети мүмкүнчүлүк бериши ыктымал. Манасчылык касиеттин табиятын изилдөө аркылуу, "Манасты" мындан да терең түшүнүүгө жол ачылат. Анткени "Манас" эпосун бүгүнкү күнгө чейин сактап, элге жеткирип айтып келген дал ошол манасчылар болуп келген. "Манастын" жандуу сөз түрүндө жашап келишине да манасчылар себепкер болгон.

Ал эми "Манас" эпосун таанып билүүдө биз сунуштай турган жол – технология деңгээли эсептелинет. Бул деңгээлде, "Манас" эпосунун адамдын аң-сезимине же энергомаалыматтык абалына тийгизген таасири (энергия жана анын таасири) каралууга тийиш. "Манас" айтууда, угуучунун электромагниттик талаасынын дирилдөө жыштыгына энергетикалык жана көрүү, угуу органдары аркылуу таасир этээри элде белгилүү болуп келген. Тилекке каршы, анын угуучуга тийгизген таасирин иликтеген илимий изилдөө иштери мурда-кийин болгон эмес. Ошондон улам, бул маселе боюнча эл ичинде оозеки айтылып келгени менен, илимий далилдер аркылуу бекемделе элек эле. Бул деңгээлдеги таанып билүүнүн жолуна, Кыргызстандагы 2010-жылдагы 7-8-апрель окуясы түрткү болду (4.60-61-бб.).

Ооба, дал ошол 2010-жылдын 7-8-апрелинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөт Үйүн курчап, Ала-Тоо аянтында турган миңдеген кыргыздын кулундары Манастап ураан чакырып жатышты. "Манас!" деп ураан чакыр" деп, эч ким паралап, аларды үйрөткөн эмес. Кыргызстандын ар тарабынан келген эл, негедир – "Тайлак!", "Жайыл!", "Ормон!", "Балбай!", "Бүргө!", "Шабдан!", "Байтик!" деп, учурунда кыргыздын ар уруусунан чыккан баатырлардын ысымдарын атап ураан таштаган жок. Аянттагы элдин оозуна сала берди болуп, бир гана – "Манас!" деген ураан чакырылып атты. Мына ушундан улам, "эмне үчүн?" деген суроо өзүнөн-өзү жаралып жатат.

Мына ошол себептен улам, (философ – С.Абдрасулов, манасчы, манастаануучу – Т.Бакчиев, конфликтолог – И.Раимбердиева, эколог – С.Сарыгулов, акын, адабиятчы – А.Эгембердиева) 2011-жылдын апрель айынан тартып, "Руханий биримдик демилгеси" (РБД) жана "Тынчтык борбору" Коомдук фондусу "Манасчылык касиет: кыймыл аракеттеги Рух ("Кыргыз өзөгү")" деген аталыштагы долбоорду жүзөгө ашыра баштаган. Долбоордун негизги максаты – "Манас" эпосунун касиетин жайылтуу жана кыргыз элинин рухун сактап, ойготуп жана күчөтө турган энергомаалыматтык (кайып) кудуретти ар тараптуу изилдөө болгон. Бул долбоордун алкагында, социологиялык, биомагниттик, биохимиялык, психологиялык, нейрофизиологиялык иликтөөлөр жүргүзүлдү. Булардын ичинен демографиялык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен социологиялык жана психологиялык сурамжылоо иштери, Кыргызстандын жети дубанында тең жүргүзүлүп, биринчисинде 600, экинчисинде 493 киши катышкан.

Ачыгын айтканда, "Тынчтык борбору" Коомдук фондусунун бул демилгеси, кыргыз илиминин тарыхында биринчи ирет илимий жол аркылуу турмушка ашырылып, жыйынтыктары китеп болуп жарыяланган. Мына ошол изилдөөлөрдүн айрым бир илимий жыйынтыктарын, биз өзүбүздүн бул ишибизде белгилеп кетүүнү туура көрдүк.

Психологиялык иликтөөнүн жыйынтыктарына кайрыла турган болсок, өзүн-өзү баалоодогу көрсөткүчтөр боюнча: бардык угуучулардын ден соолук көрсөткүчтөрү орто эсеп менен "Манас" айтылганга чейин 3,75 даража болсо, айтуудан кийин 4,12 даражага жогорулаган. Өз абалын баалоодогу көрсөткүчтөрү орто эсеп менен "Манас" айтылганга чейин 3,8 даража, уккандан кийин 4,21 даражага

жогорулаган жана маанай көрсөткүчү орто эсеп менен "Манасты" укканга чейин 4,05 даража, угуп бүткөндөн кийин 4,47 даражага жеткен (4.126-127-бб.).

Ал эми "Манас" эпосун жандуу угууда (айтууда) метаболизм (зат алмашуу) процессинде кандайдыр бир өзгөрүүлөр жүрөр-жүрбөстүгүн аныктоо максатында биохимиялык иликтөө жүргүзүлгөн: 1. "Манас" эпосун жандуу угуудан кийин кишинин канындагы канттын топтолушун аныктоо жана 2. Организм биохимиясынын деңгээлинде бул касиеттин адамга жалпы таасири боюнча корутунду чыгаруу. 20 жаштан 59 жашка чейинки ден соолугу жакшы 21 киши, сыналуучулар катары иликтенген. Алардын 20сы кыргыз улутунан 1өө башка улуттан болгон. Сыналуучулардын катарына 2 манасчы да кирген. Эксперимент 3 күн удаа кайталанып, "Манас" айтылганга чейин жана айтылгандан кийин жүргүзүлгөн.

Эксперименттин биринчи күнү: (А) тобундагы кандагы глюкозанын(канттын) топтолушу боюнча, экспериментке чейин М=5,7 ммоль/л, эксперименттен кийин М=6,8 ммоль/л болгон. (В) тобундагы кандагы глюкозанын топтолушу боюнча, экспериментке чейин М=5,2, эксперименттен кийин М=5,7 болгон. Ал эми (С) тобуна кирген кандагы глюкозанын топтолушу боюнча, экспериментке чейин М=6,4 ммоль/л болсо, эксперименттен кийин М=5,9 ммоль/л болуп калган.

Эксперименттин экинчи күнү: (А) тобундагы кандагы глюкозанын топтолушу боюнча, чейин М=5,0, кийин М=5,7 ммоль болгон. (В) тобундагы кандагы глюкозанын топтолушу боюнча, чейин М=4,8, кийин М=5,0 ммоль/л чегинде жогорулаган. (С) тобундагы көрсөткүчтөр, чейин М=6,4, кийин 5,8 ммоль/л чегинде төмөндөгөн.

Эксперименттин үчүнчү күнү: (А) тобундагылар, чейин М=5,2 ммоль/л, кийин М=6,2 ммоль/л. (В) тобундагылар, чейин М=5,2 ммоль/л, кийин М=5,6 ммоль/лге чейин жогорулаган.

1-манасчынын (Т.Бакчиевдин) көрсөткүчтөрү: 1-күнү М=4,9 ммоль/л – М=6,5 ммоль/л болсо; 2-күнү М=4,7 моль/л – М=6,8 ммоль/л болсо; 3-күнү М=5,2 ммоль/л – М=5,6 ммоль/л болгон.

2-манасчынын (Д.Сыдыковдун) көрсөткүчтөрү: 1-күнү М=7,0 ммоль/л – М=6,6 ммоль/л болсо; 2-күнү М=5,3 ммоль/л – М=5,8 ммоль/л болсо, 3-күнү М=5,5 ммоль/л – М=7,0 ммоль/л болгон (4.88-97-бб.).

Ал эми "Манас" эпосун айтуу учурунда, манасчылар менен алардын жанында угуп отургандардын күчтүү сезим-туюмдук жана руханий толгонууларын, ошондой эле эпосту жандуу айтуу учурундагы сыналуучулар менен жансыз нерселердин биомагниттик талаасынын чек-ченемдеринин табигый абалына таасирин далилдөөчү эксперименталдык негиздерди топтоо үчүн биомагниттик да иликтөө иши жүргүзүлгөн. Манасчынын, угуучунун жана жансыз заттын биомагниттик талаасын өлчөө үчүн "ЭМТ" аттуу атайын аспап пайдаланылган. Бул сапар, экспериментке эки манасчы, үч угуучу катышып, жансыз зат катары беш сомдук металл тыйын (2008-жылкы) колдонулган.

Жыйынтыгында, эки манасчынын жана металл тыйындын электромагниттик талааларынын чек-ченемдеринин ашкере жогорулашы байкалган. Ошол эле учурда үч угуучунун тең биомагниттик талааларынын чек-ченемдери төмөндөгөн. Эгерде, манасчынын ушундай абалга келиши мурда эле күтүлгөн болсо, угуучулардын организминин ЭМТ көрсөткүчтөрү күтүүсүз болгон. Үч угуучунун тең организминин ЭМТси төмөндөгөнү байкалган. Манасчы "Манас" айтып жатканда, угуучунун организми сүкүт абалына жакындаган. Ошентип, угуучулар үчүн "Манас" угуу, тышкы чөйрөдөн мүмкүн болушунча толук "ажырап", ички дүйнөсүнө чөмүлүү, тунжуроо абалына алып келгендиги байкалган. "Манас" айтуу кыргыздар үчүн (дүйнөлүк башка руханий тажрыйбалар сыяктуу) бейпилдикке, ээ-жаа бербеген акыл күчүн ооздуктап, ички дүйнөнү ачууга алып келүүчү жамааттык руханий тажрыйбанын милдетин аткара тургандыгы да байкалган (4.99-108-бб.).

Бул азыркы күндө, "Манас" эпосу жана манасчылык касиет боюнча илимий-эксперимент иштеринин эң акыркы маалыматтары болуп эсептелинет. "Манас" эпосу жана манасчылык касиет боюнча жүргүзүлгөн жогорудагы илимий-эксперимент иштеринде, азыркы илимдин айрым гана мүмкүнчүлүктөрү колдонулду деп түшүнүү керек. Албетте, жогорудагы илимий-эксперименттерди жүзөгө ашырган "Тынчтык борбору" Коомдук фондусунун бул ишин да акыркы аракет деп түшүнбөө керек. "Бүгүн дүйнөдө илимий жактан изилдене элек адаттан тыш кубулуштар абдан көп, алардын ичинен маданий-руханий кубулуштарга өзгөчө маани берүү керек. Биздин ата-бабалар, манасчы аркылуу жандуу айтылган "Манас" эпосу адамга өзгөчө таасир этээрин билген. Муну көптөгөн тарыхый далилдер да тастыктап турат... Адам аң-сезимин өзгөртүү технологиясы катары бул феноменди тереңирээк түшүнүү үчүн, жок дегенде анын бизге таасир этүүсүнүн илимий ыкма менен аныктоого мүмкүн болгон чек-ченемдерин изилдөө зарыл. "Манасчылык касиет: кыймыл аракеттеги Рух ("Кыргыз өзөгү")" долбоорунун алкагында, "Манасты" жандуу угууда, кишиге психологиялык, биохимиялык, нейрофизиологиялык жана биомагниттик таасир тийгизгендигин аныктоого багытталган бул төрт илимий эксперимент өзүнүн алкагы боюнча чакан жана кыска мөөнөттө аткарылды. Мындай илимий эксперимент, Кыргызстанда биринчи жолу ишке ашырылган. Илимий объект катары да "Манас" эпосу жана манасчылык феномен мындай изилдөөнү башынан кечире элек эле. Андыктан, кыргыз илиминдеги бул жаңылык келечекте жаңы илимий мамилени, көз караштты, усулдарды жаратышы толук мүмкүн" (4.88-б.).

Орус Православ чиркөөсүсүз орус элин элестетүү мүмкүн болбогондой эле, кытай элин Конфуцийсиз, кыргыз элин "Манассыз" элестетүү эч мүмкүн эмес. 1025-жылдан бери орус, украин, белорус

элдери Православ чиркөөсү аркылуу динин, маданиятын, тарыхын таанып келет. Бул аталган чыгыш-славян элдеринин руханий өзөгү катары Православ чиркөөсү эсептелинет. Он беш кылымдан бери кытай эли Конфунцийди улуу устат катары тутуп, анын негиздеген окуусун азыркы күнгө чейин турмуштун бардык тармактарында урматтоо менен колдонуп келе жатышат. Ал эми "Манас" да, кыргыз элинин руханий өзөгү деп айтууга толук мүмкүнчүлүк бар. "Манас" кыргыз элинин намысы, маданияты, ишеними, Кыргызстандын жүзү, визиткасы. Ал эми манасчы, ошол касиетти, ошол оор-ыйык жүктү алып жүрүүчү адам.

Өзгөчө соңку 10-15 жылдан бери карай же бир аз андан мурдараакпы, айтор дүйнө жүзү өтө тез өзгөрүүгө дуушар болуп жаткандыгына баарыбыз күбө болуудабыз. Кечээкиден бүгүнкүбүз таанылгыс. Кылымдар бою манасчылар: "Кечээ көргөн бүгүн жок, ушундай экен дүйнө шок" деп, айтып келген. Чындап эле дүйнөнүн шоктугуна таң бербей койбойсуң. Азыркы дүйнөлүк саясаттын, экономиканын, экологиянын, маданияттын, жалпы эле адамзаттын абалы жана жеке адамдын жан дүйнөсү чоң өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Өзгөрүп бара жаткан ааламда, адамзаттын жан сактоо мүмкүнчүлөктөрү да өзгөрүүдө. Бул тууралуу, бегилиүү орусиялык геофизик – А.Н.Дмитриев мындай дейт: "Адамзат экономикалык жактан канчалык өнүгүп жетишкен сайын, ошончолук жаратылыштын табигый-эволюциялык абалын таануу боюнча билим деңгээли төмөндөп барат. Адамзат материалдуу ыплас дүйнөгө батып кетти. Христианчылыктын тили менен айтканда, бүткүл адамзат "кара туңгуюкка барып кептелди". Сырткы механизмдердин өнүгүшү менен алек болуп, жаратылыш менен адамдын көзгө көрүнгөн гана өз ара мамиле, байланышы менен алаксып б.а. адамзат жана жаратылыш ресурстарын жырткычтык менен пайдаланган техникалык прогрессти туу тутуп алдык. Мына ошол азгырык, дүйнөдө жүрүп жаткан ар түрдүү майда-чоң дебей, табигый, техногендик кырсыктардын көбөйүшүнө алып келип жатат. Ал эми ал кырсыктарды азыркы физика илими түшүндүрө албай, бечаранын кейпин алып олтурат" (3.10-11-бб.).

А.Н.Дмитриевдин бул айткандары Кыргызстанга да таандык. "Жер байлыктарына бай, Д.И.Менделеевдин химиялык элементтеринин мезгилдик системасына таандык бардык элементтер Кыргызстанда бар" деп, мактаныч менен жер кыртышын каңтарып, табийгат тартуулаган Кыргызстандын сыймыгы болгон бүтүндөй тоолорду оюп да, жоюп да атканын көрүп жатабыз (мисалы: Кум-Төр тоосу ж.б.). Учурунда, зыярат кыла турган руханий борбордун бири болгон (руханий-маданий туризм) Ысык-Көл көлү да, жээги да "интенсивдүү туризмдин борбору болот" деп, көлдү чет элдик эс алуучулардын ажатканасы менен мончосуна айланып бара жатканына күбө болуп келебиз. Тагыраак айтканда, материалдуу дүнүйө адам үчүн кызмат кылбай эле, ошол өлүк дүнүйөгө адам кызмат кылып калды. Азыркы тапта адамдын ойлогон ою да, кылган иши да материалдуу дүнүйөгө байланганын көрүп жатабыз. Жаштардын көбү өзүн жана коомдогу ордун таба албай, Батыштын, андан да көбү Жакынкы Чыгыштын жашоо-турмушун, дини менен кошо маданиятын өрнөк тутуп, АКШлыкты, арабды, корейди туурап жатат. Ал эми кыргызды тууураган, кыргызга окшогон кыргызды табуу, барган сайын кыйын болуп барат. Тууураганы тууураган, бирок анын баары сырткы форма, сырткы механизмдер гана (кийими, жүрүм-туруму, чач коюу турпаты, сүйлөө стили ж.б.). Билинбегени менен сырткы механизмдердин мүмкүнчүлүктөрү өтө чоң. Бул механизмдер аркылуу жана материалдык "колдоо" көрсөтүү аркылуу, чет элдик диний секталар-агымдар, айрым эл аралык уюмдар адамды азгырып, өз тарабына оодарып алып, кыргызга бейтааныш, өздөрүнүн жалган системасын, идея менен идеологиясын сиңирип жаткандыгына ачыктан-ачык күбө болуп олтурабыз.

Дүйнөгө белгилүү америкалык окумуштуу, психолог С.Гроф айткандай: "Рухийлик (духовность) – бул ар бир адамдын айлана чөйрө, аалам менен болгон өз ара мамилеси. Рухийлик – бул адамдын жеке дүйнөтаанымы. Ал эми дин, атайын бир орунду талап кылган жана ортомчулардан турган иерархиялык системасы белгиленген, уюшулган иш-аракет. Диндин негизги кызматы болуп, адамды рухий азык менен камсыздап, рухий колдоо көрсөтүп турушу керек. Тилекке каршы, турмушта андай эмес... Бирок бардык дүйнөдөгү бардык диндердин негиздөөчүлөрү рухий изденүүлөрдөн баштаган: Будда, Моисей, Мухаммед, Иисус. Бара-бара алар Жараткан менен элдин ортосунда ортомчу-көпүрө кызматын аткарып калышкан. Алардын аркасы менен диндер жаралган. Ал дин негиздөөчүлөрдүн жашоо-турмушу, сүйлөгөн сөзү, насааты ыйык китептерге айланган. Ошентип, дин негиздөөчүлөрдүн көзү өткөн соң, Жаратканга болгон түз жол карапайым адамдар үчүн жабылган. Эл, мындан жүздөгөн жылдар мурда көзү өткөн ортомчулар жана ыйык китептер аркылуу гана Жаратканга кайрыла турган болушкан. Дин, рухийликсиз болушу мүмкүн, ошондой эле рухийлик да, динсиз болушу ыктымал. Диндин талабы боюнча, Жаратканга кайрылуу үчүн сөзсүз адам белгилүү бир күндө, белгилүү бир храмга (чиркөө, мечит, монастырь ж.б.) барышы керек. Ал эми мистиктер үчүн ал храмдын кызматын, Кудай жараткан жаратылыштын койну аткарып келген. Алар ортомчуга муктаж эмес. Алар Жаратканга түз кайрылат. Дүйнөлүк диндерге салыштырмалуу, рухийлик ар дайым адамды коштоп келген" (2.65-67-бб.). С.Грофтун мына ушул оюн улай турган болсок, мындан жүздөгөн жылдар мурда Будда, Моисей, Иисус, Мухаммед сыяктуу рухий адамдардын (пайгамбарлардын), элине айтып кеткен акыл-насаатынын негизинде диндер жаралды. Андан бери не деген мезгил өттү жана ал диндерди дүйнө элдерине сиңирүү үчүн да жүздөгөн жылдар талап кылынды. Жүздөгөн жылдардан бери кыргыз эли да, китепке эмес, көкүрөгүнө сактап, тоо-ташта, түздө, талаада да, үйдө да "Манасын" айтып

келе жатат. Жалпы кыргыз эли дегенибиз менен “Манасты” айткандар, карапайым эл ичинен чыккан манасчылар болгон. “Манас” дүйнөсү менен кыргыз элинин ортосунда ортомчу-көпүрө кызматын мына ошол манасчылар аткарып келген. Андыктан Манас рухун туу тутуп, “Манас” баянын сактап, элге жайылтып келген манасчылар – рухийликтин даана өкүлү жана жалпы адамзаттагы бир көрүнүшү.

Кыргыз эли тектүү да, түптүү да эл болгондуктан, улуттук касиеттер аны менен бирге Манас да, кыргыз элинин ар бир өкүлүндө магдырап жатат. Магдырап жатат дегенибиз, ал же уйку абалында, же уйку-соо абалында турат. Ал эми аны ойгото турган, козгой турган механизмдер, кыргыз элинде ар дайым болгон (мисалы: 2010-жылдын 7-8-апрелиндеги окуя).

Анда эмесе, кыргыз элинин бел кылып кармана турган, туу кылып тута турган механизми кайсы? Азыркы илимий терминологияда “психикалык энергия” деген термин көп колдонулуп келет. А.Н.Дмитриевдин берген аныктамасы боюнча: “психикалык энергия” – бул космостогу жана жердеги процесстерге түздөн-түз таасир эте турган жана эфирге чыга турган энергиянын бирден-бир негизги түрү... Бул биздеги ички ойдун сөз түрүнө өтүп, эфир аркылуу турмушка ашырылып, табигый процесстерге өз таасирин тийгизе турган энергия. Мунун касиети да, аткарган кызматы да өтө зор. Бул аркылуу жаратылыштагы, адам коомундагы, деги эле бардык деңгээлдеги процесстерге таасир этүү мүмкүнчүлүгү эбегейсиз чоң күчкө ээ энергия” (3.13-б., 60-б.).

А.Н.Дмитриевдин аныктамасында айтылгандай, эл болобу же ошол элдин өкүлү катары жеке адам болобу, эң оболу ойду оң жакка тууралашы зарыл. Ал эми кыргыз эли, мындай шартта таяныч катары, ар дайым байыртадан бери келе жаткан руханий баалуулуктарына, касиеттерине кайрылып турган. Анын бири жана өзгөчө касиетке эгедери болуп, “Манас” айтуу феномени эсептелинген.

Демек, бул жагынан алып караганда, ар бир манасчы трансценденттик касиетке ээ болушкан. Атап айтканда: 1. адамдын психикасына таасир этип жана аны транс абалына киргизе алган (транспсихолог касиети); 2. айлана-чөйрөгө жана аба-ырайына таасир эте алган (жайчылык касиети); 3. адамды, малды ар кандай оорулардан айыктыра алган (табыпчылык, домчулук касиети); 4. келечекти алдын ала көрө алган (айтымчылык касиети); 5. түш жоруй алган; 6. башка мезгил, дүйнө мейикиндиктери менен байланыш түзө алган жана чыга алган (экстрасенсордук касиет). Мындан тышкары, ал өз элинин жана башка боордош элдердин руханий маданиятынын мыкты билерманы, кыргыз баласынын эталону, сөзмөрлүктүн жогорку үлгүсү, адам психологиясынын, жаныбарлардын, жаратылыш кубулуштарынын билерманы (1.60-б.) болуп келген.

Буга карата кыргыз оукумуштуусу, математик – М.Мамаюсупов да, өз көз карашын билдирет: “Ала-Тоонун кыргыздары күпүлдөп айтылган “Манастан” жакшылык издеп, оң энергия алышат. Менин байкоомо караганда, “Манас” айтуу обонунун термелүү ыргагы кыргыздардын денесиндеги термелүү ыргактарын нейтралдаштырып, жаңылануусуна өбөлгө түзөт. Ошондуктан, “Манас” кыргыз элинде жөн эле айтылчу эпос болуп калбастан, кыйын абалдарда аларды дабалоочу психологиялык терапия болуп эсептелет. Компьютерди переустановка кылып программасын жаңылаган сыяктуу эле, “Манасты” уккан кыргыздар жаңыланып, жаңы рух жана дух менен жашоого оптимисттик үмүт артып, алдыга кете турган ойду жаратат (5.46-47-бб.) дейт, автор өзүнүн “Жашоонун формуласы” аттуу китебинде.

Ал эми белгилүү америкалык окумуштуу, философ К.Уилбер бул тууралуу мындай дейт: “Эгерде сиз бул экспериментти өзүңүз өткөрүп, ага өзүңүз катышып, өзүңүздүн жан дүйнөңүз менен сезбесеңиз, анда аны башкага түшүндүрмөк түгүл, өзүңүз да түшүнбөгөн бойдон каласыз. Бул медитация аркылуу келе турган чыныгы архетип (жалпы адамзатка таандык түшүнүктүн базалык схемасы – Т.Б.). Азыркы изилдөөчүлөр, муну далилдөөгө мүмкүн болбогон “жөнөкөй метафизика” деп түшүнүшөт. Муну мындай деп эле салыштырууга болот, мисалы: мифтик дүйнөтаанымындагы адамга жогорку математиканын теориясын түшүндүргөндөй эле кеп. Албетте, андан оң натыйжа чыкпайт. Анткени жогорку математика, акылдын жемиши. Ал эми эмпирикалык дүйнөдө ага орун жок” (6.317-318-бб.).

Адабияттар

1. Бакчиев Т. Манастаануу: Жогорку окуу жайлары үчүн окуу куралы / Республикалык “Манас” жаштар ордосу. – Б.: “Кут-Бер”, 2012. – 164 б.

2. Гроф С. Революция сознания: Трансатлантический диалог / С.Гроф, Э.Ласло, П.Рассел; Персангл.М.Драчинского. – М.: ООО “Издательство АСТ” идр., 2004. – 248, [8] с. (Philosophi).

3. Дмитриев А.Н. ИзменениевСолнечнойсистемеинапланетеЗемля.Выступлениенаконференции “Живая Этика” и “Тайная Доктрина” всовременнойнауке, практическойпедагогикеисоциальнойжизни”. Екатеринбург, 08-09.08.09 г. Изд. 2. – М.: Белыеальвы, 2001. – 112 с.

4. Кыргыз өзгү. Руханий өзүн-өзү сактоо жана өнүгүү ыктары: 1-Б. / Авторлор: ТалантаалыБакчиев, Саветбек Абдрасулов, Индира Раимбердиева, Султан Сарыгулов, Аида Эгембердиева. – Б.: 2012 – 212 б

5. Мамаюсупов М.Ш. Жашоонун формуласы: Илимий-популярдуу китеп. – Ош: 2011. – 141 б.

6. Уилбер К. Краткаяисториявсего / Кен Уилбер; персангл.С.В.Зубков. – М.: АСТ: Астрель, 2006. – 476 [4] с.: ил.

УДК:378.17:374.33:005.212(575.2)

ЗДОРОВЬЕ МОЛОДЕЖИ – БУДУЩЕЕ СТРАНЫ

Абыканова-Баталгазиева К.Н.
Кыргызский государственный технический университет им. И.Раззакова,
Бишкек, Кыргызская Республика

Перманентно-турбулентная на протяжении более двадцати лет общественно-политическая ситуация в стране и серьезные психологические изменения в окружающем мире стали весьма привычными для целого поколения Кыргызстана. Появились принципиально новые жизненные ценности. Какие бы изменения не происходили, среди жизненных ценностей такая ценность как здоровье остается одной из главных ценностей в жизни каждого человека. Они формируются с самого детства и огромную роль в этом процессе играют родители, учителя, образование, общество, в котором живет сам человек.

В настоящее время во всем мире возрастает озабоченность по поводу неуклонно ухудшающегося здоровья людей. Этот процесс характерен и для Кыргызской Республики. Состояние здоровья населения Кыргызстана, а молодого поколения в особенности, требует особого внимания. Актуальность сохранения здоровья молодежи приобретает характер уровня национальной безопасности.

Сегодня Кыргызстан входит в первую семерку стран с наиболее высоким темпом распространения ВИЧ-инфекции. Только за один месяц ВИЧ-инфекцией в стране заражаются до 70 человек. Основным путем передачи ВИЧ-инфекции в Кыргызстане остается, по-прежнему, инъекционный (66,7 % за весь период наблюдения), и он определяет характер эпидемии ВИЧ-инфекции в Кыргызстане. Однако, к сожалению, имеет тенденцию к увеличению удельный вес полового пути передачи – с 3,0 % в 2001 г. до 30, 3 % к 2013 году.[1]И что печально, рост числа ВИЧ-инфицированных в стране отмечается, прежде всего, среди молодых людей трудоспособного и репродуктивного возраста. Также следует отметить, что в последние годы в Кыргызстане отмечен высокий рост числа молодых людей живущих с ВИЧ-инфекциейв возрасте от 15 до 24 лет.

Именно молодые люди чаще всего практикует поведение высокого риска – незащищенные половые контакты, частую смену сексуальных партнеров, употребление инъекционных наркотиков. Рост сексуальной активности молодежи в последние годы при крайне низком уровне знаний репродуктивного здоровья приводит к увеличению числа нежелательной беременности, исходом которых зачастую является аборт, реже – юное материнство, дети-сироты. Одновременно у молодежи отмечается стремительный рост болезней, передающихся половым путем. Это все, в свою очередь, является одним из негативных факторов, напрямую влияющих на демографическую, экономическую, социальную ситуацию в стране.

В Кыргызской Республике существует закон, на основании которого продажа сигарет запрещена лицам, не достигшим 18 лет. По данным Минздрава Кыргызской Республики, в Кыргызстане 20 % подростков курят и употребляют насвай, продажа несовершеннолетним табачных изделий практикуется во всех торговых точках. Закон есть, но он не работает.[2]

Негативная тенденция ухудшения состояния здоровья молодежи, увеличение распространенности табакокурения, потребления алкоголя и слабоалкогольных напитков, наркопотребления среди молодых людей, а также увеличение асоциальных форм поведения влечет за собой такие неблагоприятные для развития общества, страны последствия как рост ранней инвалидизации, трудности комплектования армии, снижения профессиональной пригодности, ухудшение качества трудового потенциала.

На молодежь обрушивается шквал электронной, бумажной, пищевой, наркотической или иной информации. У молодежи практически нет знаний, поэтому они не в состоянии считаться с возможностями и запросами своего организма. Чаще всего молодым людям очень трудно разобраться в таком объеме информации, что из предложенного употреблять и трудно определить “что такое хорошо, что такое плохо”.

И ко всему вышесказанному ухудшение здоровья молодых, в значительной степени связано с образом жизни, но образ жизни молодежи управляем.

Очевидным становится необходимость радикальных изменений в стратегии воспитания подрастающей молодежи, в основе которого должна быть идея заботы о здоровье. В решении данной проблемы не существует какого-то одного уникального. Должно быть много решений, которые должны включать в себя много элементов. И одним из них является образование. Образование может внести свой вклад в дело сохранения здоровья молодежи через обучающие программы по формированию жизненно важных навыков и профилактических программ. На сегодняшний день вопросы сохранения и укрепления здоровья молодежидолжны стать одним из ключевых наиболее перспективных направлений деятельности образовательных учреждений.

---

[1] Данные РО СПИД, 2013 г.

[2]Данные исследования Кыргызско-Финского проекта «Профилактика табакокурения в Кыргызстане», 2012 г.

Профилактическое образование может быть обеспечено через государственную систему образования и равное обучение. Особая роль в реализации таких программ отводится образовательным учреждениям, которые являются важнейшими социальными институтами в области обучения и воспитания молодежи.

Как известно, одним из эффективных методов профилактики различных заболеваний является широкое использование оздоровительных мероприятий, направленных на формирование культуры здоровья. В связи с этим особую актуальность приобретает разработка и реализация комплексных здоровьесберегающих и здоровьеформирующих технологий обучения, повсеместно включаемых в образовательный процесс.

Обучение здоровью в рамках здоровьесберегающих и здоровьеформирующих технологий обучения помогает учащимся в развитии собственной индивидуальности и более осознанном участии в жизни общества.Разовые мероприятия показали, что дают ограниченный и краткосрочный эффект. Опыт, полученный в ходе изучения определенного курса по сохранению здоровья должен обеспечить молодым людям возможность применять свои знания в разнообразных ситуациях – моделируемых или реальных. Обучаемых необходимо стимулировать к анализу своих ценностей и взглядов. Данноеобучение в области здоровья важно, как значимая и злободневная социальная тема, при решении которой учащиеся обучаются полезным навыкам, приобретению и применению на практике набора навыков, на развитие навыков принятия ответственных решений в отношении своего здоровья в настоящий момент и в будущем. Навыки, необходимые для сохранения здоровья, равно важны и при решении других социальных проблем, которые встречаются в жизни каждого человека.

Одним из необходимых для успешного обучения принципов – это готовность учиться и создание благоприятной атмосферы для обучения здоровью, которая способствовала бы в усвоению материала. Все аспекты здоровьесберегающей среды обучения здесь должны рассматриваться как важные и взаимосвязанные. Это учебное заведение, где учатся молодые люди, его нормы, принципы и ценности, структура управления учебного заведения, взаимоотношения преподавателей и студентов, окружающая и физическая среда учебного заведения, родители, местные органы которые могут помочь поддерживать здоровье. В данном случае учебные заведения также постепенно меняют организацию питания студентов.

Сегодня педагогам необходимо иметь четкие представления о сущности понятий «здоровье», здоровьесбережение», «здоровый образ жизни», которые широко используются в системе понятий современного образования. Однако однозначного и всеобъемлющего определения этих понятий нет. Эти понятия рассматриваются с разных точек зрения. В качестве целенаправленных действий в этом направлении встает вопрос об обучении самих преподавателей основам здоровьесбережения или так называемой культуре здоровья.Они понимают, что обучение здоровью является важным не только для молодежи, но и для них самих. Необходимость приобщения подростков и молодых людей к проблеме сохранения и укрепления здоровья требует создания высокого уровня душевного комфорта, который закладывается с детства, а для его формирования нужны знания о закономерностях развития человеческого организма, взаимодействие организма с окружающей его средой, социальными факторами. В этой работе непосильный труд отводится роли преподавателя, учителя.

Процесс обучения и получение знаний – это прежде всего общение, от уровня его комфортности зависят как учебные достижения, так и психическое здоровье обучаемых. На современном этапе развития образования невозможно оценить эффективность образовательного процесса, не учитывая здоровье его участников.

В качестве целенаправленных действий бесспорно является профилактическая программа по здоровьесбережению молодежи, которая, по нашему глубокому убеждению, должна быть в обязательном порядке включена в учебный план университета в качестве факультативных и дополнительных занятий. Образовательная профилактическая программа – это часть здоровьесберегающих технологий обучения. Это одно из условий сохранения здоровья молодежи, а шире – здоровье нации.

Программа данного направления должна включать такие разделы как философия здоровья, самооценка и самоуважение, репродуктивное и сексуальное здоровье, планирование семьи, инфекции, передающиеся половым путем, ВИЧ-инфекция, табакокурение, алкоголь, наркотическая зависимость, принятие решения. Данная программа предусматривает формирование у молодежи жизненных навыков ответственного поведения в отношении собственного здоровья и здоровья окружающих.

Оценивать результаты программы следует не только по знаниям учащихся по окончании учебного года, но и по установкам учащихся относительно тех или иных представлений и форм поведения, имеющих отношение к профилактике заболеваний. Естественно, что положительные результаты изменения в состоянии здоровья молодых людей произойдут только через несколько лет после начала внедрения курса, ее регулярного проведения, когда подрастет новое поколение, воспитанное на нормах культуры здоровья. Есть мудрая африканская пословица "Ребёнок – отец человечества". У народа, который не придерживается этой мудрости нет будущего, каждый гражданин с юности должен знать, что его здоровье – это здоровье его потомков на протяжении многих тысячелетий.

Практический опыт многих стран позволяет утверждать, что формирование здоровья человека педагогическими средствами дает более существенные результаты, чем ныне существующая система лечебно-

профилактических мероприятий. И задача образования в трудной экономической ситуации не только выжить и сохранить образование, но и наполнить его новым содержанием и повысить его качество путем применения здоровьесберегающих технологий, новых интерактивных методов обучения. Применение здоровьесберегающих технологий должно обеспечить создание предметно-информационной образовательной среды в образовательном учреждении, в рамках которой происходит формирование (на всем протяжении обучения) основных компонентов здоровья молодых людей, а также овладение знаниями, умениями и навыками. Под здоровьесберегающей технологией обучения (ЗСТО) понимается такая модель педагогической деятельности, в которой раскрываются: способы реализации учебных программ, взаимодействие обучающего и обучаемого, использование разнообразных форм, методов и средств обучения с целью наиболее эффективного достижения обучающимися образовательного стандарта и оздоровительного эффекта.

Существует мудрое выражение "Что имеем не храним, потерявши – плачем". Бесспорно, что молодежь должна знать, что сохранение своего собственного здоровья должно стать важнейшим элементов всего качества их дальнейшей жизни. Получение образования и здоровья для них должно стать единым, неразрывным процессом. Сохранение здоровья должно выступать одной из целей в процессе получения образования, как средство достижения высокой гармонии. В результате всех этих усилий общество будет иметь здоровых молодых людей, которые оставят после себя жизнеспособное потомство. Общеизвестный факт, что здоровье определяет качество жизни и благополучие общества.

Литература

1. Статистические данные Республиканского объединения СПИД, 2001-2013 гг.
2. Сборник тезисов Международной конференции "Подростки и молодежь в меняющемся обществе (проблемы девиантного поведения)". – Москва. – 2011.
3. Данные исследования Кыргызско-Финского проекта «Профилактика табакокурения в Кыргызстане», 2012 г.
4. Мартин Вильямс, Ян Янг. Укрепление здоровья молодежи в Европе. Школьный курс здорового образа жизни. – ВОЗ. – 1994 г.
5. Здоровье, обучение, воспитание детей и молодежи в 21 веке. Материалы международного конгресса. – Часть II, Москва. – 2004.
6. Баталгазиева К.Н. и др. «Здоровые школы»: проблемы охраны и укрепления здоровья учеников, учителей и школьного персонала. Материалы международной конференции «Новая школа – новый учитель». – Выпуск 2. – Бишкек. – 2003.

УДК.: 070. 423. 5: 659.1.011.12

МЕСТО РЕКЛАМНОГО АГЕНТСТВА НА РЫНКЕ РЕКЛАМЫ

Бостонова П.З.
Кыргызский государственный технический университет им. И.Раззакова,
Бишкек, Кыргызская Республика

Макалада Кыргыз Республикасынын жарнака генттиктеринин түптөлүүсү жана өнүгүүсү жарнак рыногунун негизги субъектилери катары каралган.

Статья посвящена развитию и становлению рекламных агентств КР как основных субъектов рынка рекламы.

The article is devoted to the development and formation of advertising agencies in Kyrgyz Republic as the main subjects of theadvertisement market.

Для Кыргызстана понятие «рынок рекламы» довольно молодое, рынок этот стал развиваться только с переходом страны на рыночные отношения.

Основными субъектами рекламного рынка являются рекламные агентства. В Кыргызстане на сегодняшний день по данным Национального статистического комитета насчитывается 158 рекламных агентств. Большинство из них составляют РА полного цикла и наружной рекламы.[2]

Предпосылками образования первых рекламных агентств в Кыргызстане послужило то, что в 90-у годы к нам на рынок пришли зарубежные производители/продавцы, осознающие необходимость рекламы. Появился спрос, соответственно, появилось предложение.

Одной из первых серьезных фигур на рынке наружной рекламы было рекламно-информационное агентство «Эридан». Агентство имело собственные рекламные поверхности по всему Кыргызстану.В 1997-

профилактических мероприятий. И задача образования в трудной экономической ситуации не только выжить и сохранить образование, но и наполнить его новым содержанием и повысить его качество путем применения здоровьесберегающих технологий, новых интерактивных методов обучения. Применение здоровьесберегающих технологий должно обеспечить создание предметно-информационной образовательной среды в образовательном учреждении, в рамках которой происходит формирование (на всем протяжении обучения) основных компонентов здоровья молодых людей, а также овладение знаниями, умениями и навыками. Под здоровьесберегающей технологией обучения (ЗСТО) понимается такая модель педагогической деятельности, в которой раскрываются: способы реализации учебных программ, взаимодействие обучающего и обучаемого, использование разнообразных форм, методов и средств обучения с целью наиболее эффективного достижения обучающимися образовательного стандарта и оздоровительного эффекта.

Существует мудрое выражение “Что имеем не храним, потерявши – плачем”. Бесспорно, что молодежь должна знать, что сохранение своего собственного здоровья должно стать важнейшим элементов всего качества их дальнейшей жизни. Получение образования и здоровья для них должно стать единым, неразрывным процессом. Сохранение здоровья должно выступать одной из целей в процессе получения образования, как средство достижения высокой гармонии. В результате всех этих усилий общество будет иметь здоровых молодых людей, которые оставят после себя жизнеспособное потомство. Общеизвестный факт, что здоровье определяет качество жизни и благополучие общества.

Литература

1. Статистические данные Республиканского объединения СПИД, 2001-2013 гг.
2. Сборник тезисов Международной конференции “Подростки и молодежь в меняющемся обществе (проблемы девиантного поведения)”. – Москва. – 2011.
3. Данные исследования Кыргызско-Финского проекта «Профилактика табакокурения в Кыргызстане», 2012 г.
4. Мартин Вильямс, Ян Янг. Укрепление здоровья молодежи в Европе. Школьный курс здорового образа жизни. – ВОЗ. – 1994 г.
5. Здоровье, обучение, воспитание детей и молодежи в 21 веке. Материалы международного конгресса. – Часть II, Москва. – 2004.
6. Баталгазиева К.Н. и др. «Здоровые школы»: проблемы охраны и укрепления здоровья учеников, учителей и школьного персонала. Материалы международной конференции «Новая школа – новый учитель». – Выпуск 2. – Бишкек. – 2003.